**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫН**

**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу №__863/1_____
«___10___»___май____2022ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН

# КЕСИПТИК ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Кесиби: 111201 “Ветеринария”**

**квалификациясы: ветеринардык фельдшер**

Бишкек ш, 2022 жыл

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн 111201 Ветеринария адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары - Мамлекеттик билим берүү стандарты) "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштеп чыккан.

2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

- **негизги кесиптик билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;

- **сабактардын цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;

- **модул** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;

**компетенция** - окуучунун аныкталган бир чөйрөдө майнаптуу жана жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон билими жагынан даярдоого карата алдын ала коюлган социалдык талап (ченем);

- **кредит** - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу ченеми;

- **окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;

- **кесиптик стандарт** - кесиптик иштин конкреттүү түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды белгилөөчү, кызматкер кайсы иште болсо да, кайсыл уюмда болсо да өзүнүн ордун татыктуу ээлеши үчүн кызматкерде болушу милдеттүү болгон квалификациянын сапаттык деңгээлин баяндаган негиз түзүүчү документ.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан, кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү мекемелери үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2-глава. Колдонуу жааты

3. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты (Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн 111201 Ветеринария адистиктеринин тизмеси (мындан ары - Тизме) боюнча коду, адистиктин толук аталышы көрсөтүлөт) адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында тиешелүү адистик боюнча лицензиясы жана аккредитациясы бар, менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелет.

4. 111201 Ветеринария адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүүнүн уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;

- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;

- кесиптик иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;

- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;

- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;

- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын контролдоону камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын контролдоочу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;

- билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоочу агенттиктер.

## 3-глава. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. 111201 “Ветеринария” адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүсүнүн программасын өздөштүрүү формалары:

- күндүзгү.

6. Жалпы орто билим берүүнүн базасында күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 1 жыл 10 айдан кем эмести түзөт. Ушул кесиптик билим берүү программасын негизги жалпы билим берүүнүн базасында ишке ашыруу учурунда өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

7. Кесиптик орто билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын (10 жана 11-класстар) ишке ашырууда жалпы орто билими жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, ал эми сабактар боюнча баалар кесиптик орто билим берүү жөнүндө документке (дипломго) коюлат.

8. Абитуриентте окууга тапшырууда төмөнкү документтердин бири болуусу тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;

- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган учурда кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү мөөнөтү кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан күндүзгү окуу формасында өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө карата 6 айга узартылат.

Орто кесиптик билим берүүнүн программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму кайра аттестациялоонун (кайра зачет тапшыруунун) жыйынтыгы менен башка адистик боюнча жогорку кесиптик билим же орто кесиптик билим алууда студент өздөштүргөн (өткөн) өзүнчө дисциплиналар (модулдар) жана (же) өзүнчө практикалар боюнча окутуунун натыйжаларын толук же жарым-жартылай кайра кабыл алышы мүмкүн.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

9. Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу

120дан кем эмес кредитти түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

10. Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында 111201 "Ветеринария" адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары: гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык, табият таануу жана ветеринардык билимдердин негиздерине даярдоо, бүтүрүүчүгө тандалган ишмердик тармагында ийгиликтүү иштөөгө, анын социалдык өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн универсалдуу жана предметтик адистештирилген компетенцияларга ээ болууга мүмкүндүк берүүчү орто кесиптик билим алуу эмгек рыногунда мобилдүүлүк жана туруктуулук.

111201 "Ветеринария" адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат: максатка умтулгандык, уюшкандык, эмгекчилдик, жоопкердик, жарандуулук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук, жалпы маданиятын жогорулатуу.

11. 11201 – «Ветеринария» адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин чөйрөсү төмөнкүлөрдү камтыйт: диагностикалык, дарылоочу жана профилактикалык иш-чаралар аркылуу ветеринардык кызматтарды көрсөтүү боюнча иш-чараларды уюштуруу жана ишке ашыруу; мал чарба продуктыларынын санитардык сапатын аныктоо.

12. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин объекттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- айыл чарба жана үй жаныбарлары, аларды чөйрөсү жана кармоо шарттары;

- айыл чарба продукциялары жана жаныбарлардан алынган сырье;

- жаныбарларга арналган биологиялык, дарылык жана дезинфекциялык препараттар;

- ветеринардык приборлор, жабдуулар жана аппараттар;

- жаныбарлардын ылаңдары жана алардын алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө маалымат;

- ветеринарияда уюштуруу жана башкаруу процесстери;

— баштапкы эмгек коллективдери.

13. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнун түрлөрү:

- ветеринардык-фельдшердик ишмердүүлүк;

- өндүрүштүк-технологиялык;

- башкаруу жана уюштуруучулук.

14. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин милдеттери:

- ветеринардык фельдшердик иш:

акыркы дары-дармек каражаттарын жана биологиялык каражаттарды колдонуу менен дарылоо-профилактикалык иш-чараларды уюштуруу жана жүргүзүү;

жаныбарларды багуу, багуу жана багуу үчүн зоогигиеналык шарттарды камсыз кылууга контролдук кылуу;

өндүрүштө ташуу, союу жана коопсуздукту көзөмөлдөө;

малдын, канаттуулардын жана аарычылыктын азыктарынын санитардык сапатын контролдоо;

жаныбарлардын жана канаттуулардын тукумун жакшыртуу боюнча иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү;

мал чарба имараттарындагы тоютка, суугa, абага химиялык жана микробиологиялык анализ жүргүзүү, анализдин жыйынтыгы боюнча рационду тууралоо, зоогигиеналык шарттарды жакшыртуу.

- өндүрүштүк жана технологиялык иш-чаралар:

ветеринардык дарыканаларды дары-дармек каражаттары, биологиялык препараттар жана стимуляторлор менен камсыздоону уюштуруу;

дарыларды, биологиялык продуктыларды жана стимуляторлорду сатуу

дарылоо, алдын алуу, тамактандыруу жана багуу боюнча үй жаныбарларынын ээлерине кеңеш берүү.

- уюштуруучулук жана башкаруучулук:

түзүмдүк бөлүмдүн персоналды башкаруу.

15. Орто кесиптик окуу жайыкын “Ветеринария” 110201 кесиби боюнча негизги кесиптик билим берүү программасынын толугу менен оздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даярдалды:

- жогорку кесиптик окуу жайынын негизги окуу программасын өздөштурүүгө;

-өзүнүн алган кесибике ылайык жогорку кесиптик окуу жайдын негизги кесиптик окуу программасын өздөштүрүүгө, ошондой эле

кесибине жакын баттагы жогорку кесиптик окуу жайлардын кыскартылган мөөноттөгү 610001- «Ветеринария» окуу программаларын өздоштүрүүгө.

## 4-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар

16. Орто кесиптик билим берүүнү ишке ашыруучу окуу жайлары негизги кесиптик окуу программаларын өз алдынча иштеп чыга алат. Бул кесиптик программалар Мамлекеттик билим бурүү стандартарын негизинде кесиптик квалификациянын чегинде, ар бир кесиптик тармак ылайык болушу керек.

Орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу орто кесиптик окуу жайлар илим, маданият, экономика, техника, заманбаб технология жаатында өнүгүугө алайык  5 кылда бир ирээт негизги билим берүү программалырын жанылап труусу керек. Ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн берилген сунуштар эске алынышы абзел:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоодо билим алуу сапатын жакшыртуу максатындагы стратегиялык иш чараларды иштеп чыгуу.
- билим беруу программамларына мезгил мезгили менен мониторинг жүргүзуп, рецензиялоо.
- студенттердин билимин жана өздөштүрүусүнун деңгээлине так даана балоо иштерин жургүзүу.
- мугалимдердин билим жана кесиптик сапатын жогорулатуусун камсыз кылуу.
- Баардык ишке ашырылып жаткан программаларды жетишээрлик керектүү нерселер менен камсыздоо, студенттер арасында сурамжылоо уюштуруп ошол билим берүугө керектелген м атериалдык базанын максатуу так пайдаланылып жатканын тактап бигүү.
- ар дайым окуу жайда өзүнүн ишмердигине өзү баа берүүнү уюштуруу жана башка окуу жайлардын ишмердигине салыштыруу.
- мезгил мезгили менен коомчулукту өзүнүн ишмердиги, алдыга коюлган максаттары, жетишкендиктер тууралы жарыя берип туруу.

программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы адистик боюнча тийиштүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын, улуттук квалификациянын алкагынын, квалификациянын жана кесиптик

стандарттын (эгер болсо) тармактык/сектордук алкактарынын негизинде иштелип чыгат.

Орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен билим берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөнкүлөр менен туюндурулган сунуштарга ылайык негизги кесиптик билим берүү программасын 5 жылда бир жолудан кем эмес жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуу;

- билим берүү программаларына мониторинг жүргүзүү, мезгил-мезгили менен рецензиялоо;

- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана ыктарынын, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуу;

- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;

- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуу, аларды натыйжалуу колдонууну, анын ичинде окуп жаткандарды сурамжылоо аркылуу контролдоо;

- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү туруктуу негизде текшерип туруу;

- коомчулукка өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоо.

17. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтышы керек.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеш бекиткен) баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык сабактар боюнча семестрдеги учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык баалар (экзамендик баалар) коюлат.

Негизги кесиптик билим берүү программасына ылайык келген этаптуу же түпкү талаптарга студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жеке жетишкендиктеринин шайкеш келишине карата студенттерди учурдагы, орто аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн билимин, билгичтигин жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, контролдук иштерди, модулдук тесттерди камтыган баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базалары кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

18. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн жалпы компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык-иш мүнөзүндөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;

- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;

- студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берүүгө.

19. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактарды камтуусу керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

20. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;

- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;

- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

21. Студенттер тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде негизги кесиптик билим берүү программасында каралган конкреттүү сабактарды тандап алууга укуктуу.

22. Студенттер кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

23. Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

24. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагы бир жумалык аудиториялык сабактардын көлөмү адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен Мамлекеттик билим берүү стандарты менен аныкталат жана ар бир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35тен кем эмес пайызын түзөт.

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнүүчү сааттарга ошол окуу дисциплинасы (модулу) боюнча экзаменге даярданууга каралган убакыт киргизилет.

25. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

26.111201 "Ветеринария" адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11 жана 16-пункттарында

көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

а) жалпы:

1 ЖК - өз ишин уюштурууну, кесиптик милдеттерди аткаруу методун жана ыкмаларын тандоону, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоону билүү;

2 ЖК - стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу, маселелерди чечүү, жоопкерчиликти жана демилге көтөрүү;

3 ЖК - кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана пайдалануу;

4 ЖК - кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;

5 ЖК - командада иштөөнү, кесиптештер, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашууну билүү;

6 ЖК - команда мүчөлөрүнүн (кол алдындагы) иши жана аларды иш орунда окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алуу;

7 ЖК -жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө адаптациялануу;

8 ЖК-чакан жамаат менен уюштуруу-башкаруу иштерине даяр болуу. Жалпы компетенциялардын тизмеси адистиктин профилине ылайык толукталышы мүмкүн.

б) кесиптик иштин негизги түрлөрүнө ылайык келген **кесиптик:**

**Ветеринар-фельдшердик ишмердүүлүк:**

1КК-Дарылоо жана профилактикалык иш чаралардын ар кандай түрлөрүн колдонуу;
2КК-Вакцинага, медикаменке жана жабдууларга эсептөөлөрдү аткаруу;
3КК-Календардык жана профилактикалык иш чараларды жүргүзүү;

**Өндүрүштүк технологиялык ишмердүүлүк:**

4КК- негизги жана иштетилген жүгүртмө каражаттардын эффективдүү иш жүзүно ашыруу ;
5КК-Профилактикалык дарылоо иштеринин технологиясы жана уюштуруунын заманбап методикасын колдонуу;

**Уюштуруу – башкаруу ишмердүүлүгү:**

6 КК-Ветеринардык мыйзамдуулукка карата нормативдүү документтерге ылайык документтерди толтуруу;

7 КК-Дарылоо жана профилактикалык иш чаралардын долбоорлорунун иштелмелерин,технологиялык керектүү материалдарды, жабдууларды тандап алууда нормативдик жана маалыматтык адабиятты колдоно билуу;
8КК-Ветеринардык иш чаралардын долбоорлорунун тапшырмаларын жана чечимдерин эсептөө техникасынын каражаттарын колдонуу;
9КК- Негизги техникалык – экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөө, өндүрүштүн натыжалуулугун баалоо, техникалык иш чараларды аткарууда техникалык коопсуздук эрежелерин баалоо жана талдоо, айлана чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук эрежелерин аткаруу;
10КК- Ветеринария чарбасынын бөлүмдөрүн башкаруу жана уюштуруу иштери;
11КК-Дарылоо жана профилактикалык иштерди пландоо;
12КК-Бекитилген учеттук, отчеттук документацияны жүргүзүү.

27. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик программасына төмөнкүдөй блоктор жана окуу циклдери кирет:

1-блок "Дисциплиналар (модулдар)":

1) жалпы гуманитардык цикл;

2) математикалык жана табигый илим цикли;

3) кесиптик цикл;

4) дене тарбия

2-блок "Практика";

3-блок "Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация".

Орто кесиптик окуу жайы мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги билим берүү программасын иштеп чыгат жана улуттук квалификациянын алкактарына ылайык окутуунун натыйжаларына жетүүгө жоопкерчилик тартат.

Дисциплиналардын (модулдардын) топтомун жана алардын негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү эмгек сыйымдуулугун орто кесиптик окуу жайы улуттук квалификациянын алкактарында каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аны өздөштүрүүнүн талаптарын эске алуу менен ушул блок үчүн белгиленген көлөмдө өз алдынча аныктайт.

Негизги кесиптик билим берүү программасы жалпы гуманитардык циклдин билим берүү дисциплиналарын ишке ашырууну камсыз кылуусу керек, алардын тизмеси жана эмгек сыйымдуулугу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталат. Аталган дисциплиналардын мазмуну жана ишке ашыруу тартиби тиешелүү адистик боюнча орто

кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы ушул макетке тиркелген структурага ылайык иштелип чыгат.

28. Сабактардын ар бир цикли негизги (милдеттүү) жана тандалма бөлүктөргө ээ болушу керек. Элективдик бөлүк базалык бөлүктүн дисциплиналарынын мазмуну менен аныкталган студенттердин билимин, жөндөмүн жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө же тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк бериши керек. Электривалык бөлүк ишке ашырылып жаткан кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүгүнө жараша орто кесиптик окуу жайы тарабынан белгиленет. Милдеттүү бөлүктүн көлөмү мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албаганда негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50 пайызынан ашпоого тийиш.

Кесиптик орто окуу жайы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын арызы боюнча) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алган жана зарыл болгон учурда аталган адамдардын өнүгүүсүнүн бузулушун оңдоону жана социалдык адаптациялоону камсыз кылган негизги билим берүү программасы боюнча окуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө тийиш.

29. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу окутулуп жаткан дисциплинанын профилине ылайык келген базалык билими бар жана системалуу түрдө илимий жана (же) илимий-методикалык иш менен алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыз кылынышы керек.

Кесиптик циклдин окутуучулары тиешелүү адистик же даярдоо багыты боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болушу керек (авиациялык адистиктерден тышкары). Кесиптик циклдин окутуучуларынын сапаттык курамын баалоодо 10 жылдан ашык тажрыйбасы бар өндүрүшчүлөр эске алынат.

Окутуучулар кесиптик деңгээлин ар дайым өркүндөтүп, кеминде 5 жылда бир жолу квалификациясын жогорулатып турушу керек. Кесиптик билим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санына карата штаттык окутуучулардын үлүшү 80% дан кем болбоого тийиш.

Билим берүү процессине профилдик уюмдардын кызматкерлеринин ичинен 15% га чейин окутуучулар тартылышы мүмкүн. Окутуучу/студенттин нормативдик катышы 1:12ден ашпайт.

30. Билим берүү программасын ишке ашыруу ар бир студенттин негизги кесиптик билим берүү программасынын дисциплиналарынын толук тизмеси боюнча түзүлгөн маалымат базаларына жана китепкана

фонддоруна жетүүсү менен камсыз болууга тийиш. Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы, лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды камтышы керек (түзүлгөн компетенцияларды эске алуу менен аныкталат). Студенттердин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен камсыз болушу, бир студентке 0,5 нуска - нормативге ылайык келүүгө тийиш. Окуу маалыматтарынын булактары заманбап талаптарга жооп бериши керек. Билим берүү процессинде мыйзам актылары, ченемдик документтер, кесипке багытталган мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланылууга тийиш.

Гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналар боюнча билим берүү процессинде акыркы 5 жылдагы окуу жана окуу-методикалык адабияттар, акыркы 10 жылдагы математика жана табигый-илимий сабактар, акыркы 10 жылдагы кесиптик жана атайын сабактар колдонулушу керек.

31. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму студенттерди лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, практикалык даярдоонун бардык түрлөрүн жүргүзүүнү камсыз кылуучу материалдык-техникалык базага ээ болушу керек. колдонуудагы санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана ченемдерге ылайык келген орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планында каралган.

1 студентке (кв. м) пайдалуу аянттын ченемдик мааниси сабактардын 2-алмашуусун эске алуу менен – 7 кв. м болууга тийиш.

**Кабинет, лаборатория, мастердик жана башка имараттардын тизмелери.**

**Кабинеттер:**

социалдык-экономикалык дисциплинасы; жалпы кесиптик дисциплин,кыргыз тили, орус тили, математика жана информатика, кесиптик дисциплин.
чет тили;

**Лабораториялар:**
информатика и маалыматтык-коммуникациялык технологиясы (компьютерлер 1:12);
**Полигондор:**
автодромдор, трактородромдор;
Унааларды окуп уйрөнүү гаражы;
Техникалык каражаттарды башкаруунун, ык машыгууну өнүктүрүүдө тренажерлорду иштеп чыгуу;
Спорттук комплекси:
спорт залы,
көп профилдүү ачык стадион
Залдар:
библиотека, окуу залы, Интернет чыгуу залы, жыйын залы.

Окууга зарыл болгон материалдардын аталышы. (1:12):

1. Хирургиялык аспаптардын чакан топтому
2. Курч учтуу скальпелдер
3. Скальпелдин түрлору (тегерек, түз, ийилген)
4. Түймө сыяктуу түз жана ийри скальпелдер
5. Резекциондук бычак
6. Хирургиялык кайчылар

а) түз; б) жалпагынан ийилген в) капталынан ийилген

7. Хирургиялык кыпчуурлар (пинцеттер)
8. Анатомиялык кыпчуурлар
9. Жаракат үчун илмектер
10. Топчу түрундөгү зонддор
11. Оюктуу зонддор
12. Түз жана сөөк распораторлор
13. Сөөктор үчүн кайчылар
14. Сөөк кашыкчалары
15. Трепан жана трефин
16. Балка
17. Баракча түрүндөгү араалар
18. Жаа түрүндөгү араа
19. Кан токтотуучу буюмдар
20. Кан токтотуучу кыскычтар
21. Ийне links кармоочу буюмдар

22. Хирургиялык ийнелердин түрлөрү (бүктөлгөн, түз, жарымынан ийилген, ичe карынга жана козгө ылайыкталган)

23. Жибек жип №4 жана №8

24. Кетгут

25. Марлин кездемелер, бинттер, тампондор

26. Гипс жана гипс таңгычтары

27. Сынықка коюулуучу буюмдар (шиналар)

28. Бычуучу инструменттер а) зонддогу щипцилер б) Телятникованын щипцилери

29. Йоддун тундурмасы

30. этил спирти

31. Бычуудагы упа

32. Инъекция антибиотиктери

33. Маздар: а) ихтиол; б) мазь Вишневский; в) стрептоцид;

г) синтомицин; д) фурацилин; е) салицил-цинк мазы;

34. Көздүн майы;

а) тетрациклин; б) эритромицин;

35. Туяктарды кесүү кайчысы ; а) бодо малдар үчүн; б) чочко жана койлор

36. Туяк кескичтер

37. Офтальмоскоп

38. Виноградовдун операциялык столу

39. Дьяченконун мурун кыскычы

40. Жылкылардын эрдин буроо

41. малды кармөө үчүн 6-8 м жиби

42. Малды дарылоо станогу

43. Чочколоруу фиксация жиби

44. Анестизиялык дарылар: а) новокаин б) лидокаин

45. Иньекциялык шприцтер жана ийнелер

46. Тамчылатып берүүчү система

47. Жанэнин шприцтери

48. Кан алуучу ийнелер

49. Электрдик стерилизаторлор

50. Ченоочү сызгыч жана лента

51. Медициналык кюветтер

52. Антисептикалык заттар : а) водород перекиси б) перманганат калия в) фурацилин г)формалин д) карболовая кислота е)хлорамин

53. Жүрок оорусуна берилүүчү заттар:

а) коореин; б) адреналин в) глюкоза г) камфора

54. 10% хлорид кальцийдин эритмеси

55. Аммиактын 10% эритмеси

56. Көзгө тамчылатуучу пипеткалар

57. Мензуркалар, цилиндрлер, лабораторияык стакандар

58. Предметтик жана жабкыч айнектер

59. Үч объектиси бар микроскоп

60. Петринин идиши (чашкасы)

61. Хирургиялык инструменттерди сактоочү айнек шкафы

62. Техникалык окуу куралдары

63 Резиналык бет кап жана кол каптар

64. РН – метр жана лакмус кагазы

65. Хирургиялык иштерге кийилүүчү кийимдер (халаттар, чепчиктер)

66. Пахтадан жасалган кездеме сүлгүлөр

67. Чарбалык самын

68. Гигроскопиялык кебез жана сары кебез

69. Полиэтилендик пленка

70. Резин (фартугу) боркогу

71. Резина өтүк

72. Дезинфекция кылүчүн чачыраткыч куралдар

73. Ири мүйзүдүү жана майда малдардын, жылкалырдын жана тооктордун жасалма көрсөтмө куралдары

74. Малдарды кармоочу жайлар, сарайлардагы малдар

75. Тооканалар, тооктор менен

76. Перкуссия балкасы

77. Плессиметр

78. Стетоскоптору менен фонендоскоп

79. УЗИ аспабы

80. Резина грушасы

81. Порошок бергичтер
82. Колдонулган материалдардын калдыктары үчүн чака
83. Дары дармек жана аспаптар үчүн столдор
84. Чака
85. Суу түтүктөрү менен раковина
86. Коробовдун магниттик зонду
87. Магниттик шакектер
88. Ичеги карын зонду
89. Эсмарх резина идиши
90. Малдын денесинин табын ченөөчү термометрлер
91. Заара чыгарууга колдонулуучу катетерлер
92. Сүт катетеры
93. Троакарлар
94. Суйуктук куйуу үчүн резина бөтөлколөр (идиштер)
95. Малдардын жана канаттуулардын ички мучөлорүнүн ооруларын дарылоо жана ооруну алдын алуу үчүн керектүү дары дармектер
96. Витаминдык минералдык комплекстүү каражаттар
97. Гамма-глобумены
98. дарылоо сывороткалары
99. микробко каршы заттар: а) антибиотиктер; б) бактериофагтар; в)сульфаниламиддер г)нитро фурандик каражаттар д) дары дармек боектор
100. Бактериялык дары каражаттары
101. Ферменттик дары каражаттары
102. Стимуляторлор: а)АСД б)гама түрү в) вебом
103. Малдардын кекиртек, коко мүчөлөрүн изилдөө шпатель буюму
104. Иче карындан зыяндуу нерселерди алып чыуучу зонд
105. Электр плиткасы
106. Суу мончосу жана өлчөө куралы (термометр)
107. Пробиркалар үчүн штативдер (куралдар)
108. Ийилгич жумшак бинттер
109. Салмагына жараша дары дармек өлчөмүн берүү үчүн, малдардын салмагын олчөөчү таразалар
110. Дары дармек өлчөөчү таразалар, гирялар менен

111. Пробиркалар

112. Дары аралашмаларын тамчылатып куюуучу үчүн штатив

113. Хирургиялык кийимдерди стерилизациялоо үчүн элект үтүгү

114. Операция жасоого керек болгон жерди тазалоо куралы (электрдик кыргыч)

115. Грелкалар (ысытмалар)

116. Брезент материалынан жасалган чака

117. Мандрендер

118. Антигельминтиктер

119. Инсектициддер

120. Акарициддер

121. Протозойлорго каршы препараттар

122. Паразиттерге каршы колдоонуучу каражаттардын көрсөтмө кагаздары

123. Малдардын жана канаттуулардын жугуштуу ооруларына колдонулуучу вакциналар

124. Малдардын аллергиялык өнөкөт жугуштуу ооруларына колдонулуучу биокаражаттар

125. Ийнесиз иньектор

126. Шприцтер жарым автоматтык

127. Шприцтер автоматтык

128. Дезинфекциялоочу буюмдар, каражаттар

129. Дезинфекциялоочу куралдар: гидропульт «Костыль»

130. Кутиметр

131. Эпизоотологиялык иш- чараларды каттоочу журнал

132. Дьюар сосуду

133. Шлея Случная

134. Лабораториялык идиштердин тобу

135. Мал чарбачылык жайлар

136. Жеке менчикке тиешелүү малдар

137. Атайын багыттагы ветеринардык лабораториялар

138. Бактериялык изилдөөлөрү жүргүзүү үчун аш болумдуу чөйрө

139. Кандын мазокторун жана органдын изинин бактериоскопиясы үчүн лабораториялык боектор

140. Лабораториядагы жаныбарлар (виварий)

141. Лабораториягы жаныбарлар үчүн атайын клеткалар жана тамак-аштар

142. Уруктандыруу үчүн пипеткалар

143. Ургаачы жаныбарларды уруктандыруу үчүн катетерлер

144. Кын күзгүсү

145. Акушердик жиптер

146. Акушердик илгичтер

147. Акушердик таякчалар

148. Акушердик шипцилер

149. Фетотом

32. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата талаптар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган орто кесиптик билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону жүргүзүү тартибин эске алуу менен орто кесиптик окуу жайы тарабынан аныкталат.

Тиркеме 1

Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетине тиркеме

**Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын ТҮЗҮМҮ**

| Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүмү | | Негизги кесиптик билим берүү программасынын жана анын окуу циклдеринин кредиттердеги көлөмү |
|---|---|---|
| | | 1 жыл 10 ай |
| 1-блок | I. Жалпы гуманитардык цикл<br>II. Математикалык жана табигый илимий цикл<br>III. Кесиптик цикл | 70-100(*) |
| | Дене тарбия (көрсөтүлгөн семестрлерде жумасына 2 сааттан) | 3-5-семестрлер |
| 2-блок | Практика | 15-40(**) |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация | 5-10 |
| Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын көлөмү | | 120 |

Тиркеме 2

**Окуу планынын үлгүсү**
**Орто кесиптик билим берүү базасынын**
**111201 - «Ветеринария» кесиби**
**квалификациясы: ветеринардык фельдшер**
**негизги орто билим базасында: 1 жыл 10 ай**

| № к/К | Окуу процессинин элементтери, окуу дисциплиналары (практиканы кошуп) | Эмгек өлчөмү | | семестр боюнча бөлүштүрүү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | кредиттик | сааты | 3 семестр | 4 семестр | 5 семестр | 6 семестр |
| | | | | Жума күндөрүнүн саны | | | |
| | | | | 12-18 | 12-18 | 12-18 | 9-18 |
| **1.** | **Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **15** | **450** | | | | |
| | Кыргыз тил жана адабияты | 3 | 90 | x | | | |
| | Орус тили | 3 | 90 | x | | | |
| | Чет тили | 3 | 90 | x | | | |
| | История Кыргызстандын тарыхы | 4 | 120 | | x | | |
| | Манас таануу | 2 | 60 | | x | | |
| | Кыргызстандын географиясы | 2 | 60 | | x | | |
| | **Вариативдүү бөлүк** | **3** | **90** | | | | |
| | **Баардыгы:** | **18** | **540** | | | | |
| **2.** | **Математикалык табыгый илим цикли** | **6** | **180** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4** | **120** | | | | |
| | Кесиптик математика | 2 | 60 | x | | | |
| | Информатика | 2 | 60 | | x | | |
| | **Вариативдүү бөлүк** | **2** | **60** | | | | |
| | **баардыгы:** | **6** | **180** | | | | |
| **3.** | **Кесиптик цикл** | **75** | **2250** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **60** | **1800** | | | | |
| | Айыл чарба жаныбарлардын анатомиясы и физиологиясы. | 6 | 180 | x | x | | |
| | Патологиялык физиология жана патологиялык анатомия. | **5** | 150 | | x | | |
| | Мал чарбачылык, мал чарбачыыкты тоюттандыруу. | **6** | 180 | x | x | | |
| | Зоогигиеналык жана | **2** | 60 | x | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ветеринардык санитариясы. | | | | | | |
| | Ички жугушсуз ооруулар(курсутук долбоорлорду кошкондо) | **5** | 150 | | | х | |
| | Клиникалык дартты изилдоо | **2** | 60 | | х | | |
| | Фармакология жана латын тили | **4** | 120 | х | | | |
| | Ветеринардык хирургиясы | **5** | 150 | | | х | х |
| | Эпизоотология микробиология менен | **7** | 210 | | | х | х |
| | Ветеринардык иштерди уюштуруу (курстук иштерди кошкондо) | **2** | 60 | | | | х |
| | Паразитология и инвазиондук ооруулар | **3** | 90 | | | х | |
| | Ветеринардык-санитардык экспертиза | **4** | 120 | | | | х |
| | Фитосанитардык коопсуздук | **2** | 60 | | | | х |
| | Айыл чарба малдарынын акушерствасы, гинекологиясы. | **7** | 210 | | | х | х |
| | **Вариативдүү бөлүк** | **60** | **1800** | | | | |
| | **Баардыгы:** | **75** | **2250** | | | | |
| **4.** | **Дене тарбия** | | **2ч в нед** | | | | |
| **5.** | **Практика** | **15** | **450** | | | | |
| 6. | **Мамлекеттик жыйынтык аттестациясы.** | **6** | **180** | | | | |
| | Экзамендердин саны (макс) | | | 8-10 | 8-10 | 8-10 | 8-10 |
| | Курсттук иштердин жана долбоорлордун саны. | | | | | | |
| | **Негизги орто кесиптик билим берүү базасынын эмгек өлчөмү** | **120** | **3600** | **30** | **30** | **30** | **30** |

111201 “Ветеринария” кесиптик стандарты МББС ОКББнун К.И. Скрябин атындагы Кыргыз Мамлекеттик улуттук агрардык университетинин алдындагы Бишкек агроэкономикалык колледжинин базалык билим берүү мекемесинин окуу методикалык кеңешмесинде каралып иштелип чыкты.

ОМС торагасы,
К.И. СКРЯБИН атындагы
КМАУтин окуу бөлүмүнүн
проректору, профессор — Иргашев А.Ш.

ОМСнын төрагасынын орун басары,
С.Турсунов атындагы
БАЭКдин директору — Омуров Н.Б.

Жооптуу катчы,
окуу бөлүмүнүн башчысы,
ОМС мүчөсү — Омбаева Н.Р.

ОМС мүчөсү,
Ысык – Ата ветеринардык
жана фитосанитардык
коопсуздук башкармалыгынын
жетекчиси — Касымалиев И.М.

К.И. Скрябин атындагы КМАУтин,
«Ветеринардык медицина жана биотехнология»
факультетинин деканы — Акназаров Б.К.

Талас агроэкономикалык
колледждин окуу бөлүмүнүн
башчысы, — Алымкулов Б.Б.

Ош айыл чарба техникумунун
ветеринардык дисциплинасынын
окутуучусу, — Попишина М.М.

С. Турсунов атындагы Бишкек
агроэкономикалык колледждин
ветеринария боюнча лаборатория башчысы — Шайбекова Р.Ы.

С. Турсунов атындагы Бишкек
агроэкономикалык колледждин
окутуучусу, ветеринардык дисциплинисынын
циклдык комиссиясынын төрайымы Шаляпина Л.В.

С. Турсунов атындагы Бишкек
агроэкономикалык колледждин
методисти Топонова В.Ш.